КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
КЫЗЫЛ-СУЙСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ
КЕНЕШ

№ 75.
"25" 03 - 2022-ж.

Эл депутаттарынын Кызыл-Суу айылдык Кеңешинин XXУШ чакырылышынын 11 сессиясынын

# ТОКТОМУ

## "Жайыт комитетинин 2022-жылга жайыт акысын жана мал багуу боюнча бааларын бекитүү жөнүндө".

Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн коомдук угуусунда малчылардын жана тургундардын жайыт акысы жана мал багуу боюнча бааларды бекитүү боюнча ой-пикирлерин талкуулап жана карап чыгып, Кызыл-Суу айылдык Кеңештин сессиясы, **токтом кылат:**

1.Малчылардын 2022-жылга жайыт акысына төлөнүүчү акысы төмөндөгүдөй бекитилсин:

а) уй багууга жайыт пайдалангандыгы үчүн – 60 сом
б) жылкы багууга жайыт пайдалангандыгы үчүн – 60 сом
в) кой,эчки багууга жайыт пайдалангандыгы үчүн – 12 сом
г) бадага жайыт пайдалангандыгы үчүн – 60 сом

2.Малчылардын 1 айга элден алынуучу эмгек акысы төмөндөгүдөй бекитилсин:

а) уйду баккан акысы үчүн – 400 сом
б) жылкыны баккан акысы үчүн – 400 сом
в) кой,эчкини баккан акысы үчүн – 70 сом
г) элдин уйларын баккан бадага – 400 сом

3.Малчылар 2022-жылдын 1-апрелинен баштап жакынкы жайлоолорго көчүрүлсүн. Кашарларда эки баш саан уй, бир баш жылкыдан ашык мал калтырылбасын.Кой, эчкилер купкага салынгандан кийин алыскы сырт өрөөнүнө 15-июнга чейин көчүрүлсүн.

4.Токтомдун 3-бөлүмүнүн талаптарын аткарбаган КР жарандарына КР "Бузуулар жөнүндөгү" Кодексине ылайык айып пул салуу жана алар боюнча иш алып баруу жагы Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн алдындагы бузуулар комиссиясынан суралсын.

5.Токтомдун аткарлышын көзөмөлдөө жагы Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн жайыт пайдалануучулар комитетинин төрагасы М.Мадамбековго тапшырылсын.

Кызыл-Суу айылдык Кеңешинин төрайымы: Г.Чыныбаева